**УДК:801.8(575.2)(04)**
**DOI: 1053473/16946324**

**Токтогулова Айгуль Токтогуловна**,
Международный университет Кыргызской Республики,
Преподаватель, аспирант НАН КР
институт языка и литературы им. Ч. Айтматова
**Токтогулова Айгуль Токтогуловна**,
Кыргыз Республикасынын Эл аралык университети,
окутуучу, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы
Тил жана адабият институтунун аспиранты
**Toktogulova Aigul**,
International University of the Kyrgyz Republic,
teacher, toktogulova-92@mail.ru, postgraduate student of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
the Institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov

## КЫРГЫЗ ПУБЛИЦИСТИКАСЫНЫН ТАРЫХЫЙ ЭТАПТАРЫ (ЭГЕМЕНДҮҮ ДООРДО)

## ИСТОРИЧЕСКИЕ ЭТАПЫ КЫРГЫЗСКОЙ ПУБЛИЦИСТИКИ (В ЭПОХЕ НЕЗАВИСИМОСТИ)

## HISTORICAL STAGES OF KYRGYZ JOURNALISM (IN THE ERA OF INDEPENDENCE)

***Аннотациясы:*** *Бул макаладан кыргыз публицистикасынын эки этаптуу жолун басып өткөнүн көрсө болот. Азыркы мезгил кыргыз журналистикасында Кыргызстандын эгемен турмушун чагылдыруу менен гана чектелбестен, өз алдына ошол өлкөнүн тарыхый баскан жолундагы өксүктөрү менен «актай» калган жактарын да коомчулукка алып чыгуусу каралды. Ошондой эле классикалык орус адабиятынын те алыскы жылдарынан баштап, совет адабиятынын бүгүнкү күгдөрүнө чейин көз чаптырып, публицистика жанры адабият, басма сөз майданындагы орун-очогу кең, оту таптуу жанрлардын бири экендигин байкай алдык.*

***Негизги сөздөр:*** *жанрдык өзгөчөлүктөр, басма сөз, публицистика, газета.*

***Аннотация:*** *В данной статье можно увидеть два этапа пути развития кыргызской публицистики. Отмечено, что современный период в Кыргызской журналистике не ограничивается освещением суверенной жизни Кыргызстана, он так же представляет общественности те аспекты исторического пути страны, которые оставались пробелами. Также, заглянув с самых далеких времён в классическую русскую литературу и до сегодняшних дней в советскую литературу, мы смогли обнаружить, что жанр публицистики является одним из самых значимых жанров в литературе и на печатном поле.*

***Ключевые слова:*** *жанровые особенности, пресса, публицистика, газета.*

***Abstract:*** *In this article, you can see two stages of the development of Kyrgyz publicism. It is noted that the modern period in Kyrgyz journalism is not limited to covering the sovereign life of Kyrgyzstan, it also presents to the public those aspects of the country's historical path that remained gaps. Also, looking from the most distant times in classical Russian literature and to the present day in Soviet literature, we were able to find that the genre of publicism is one of the most significant genres in literature and in the printed field.*

***Keywords:*** *genre features, press, publicist, newspaper.*

Мезгил улам алга илгерлеген сайын бүгүнкү күндө чыгып жаткан кайсы гана газета, журналды, радио, телевиденияныn окуп жана угуп көрбөйлүк, бардыгында публицистикага болгон окурмандардын да талабы арбып, кызыгуу жараткан жанрга айланууда. Ушунун өзү менен анын теориялык негизи да такталып баратат. Публицистика сан жана сапат жагынан өсүү менен катар теориялык жактан да такталып, адабият майданынан өзүнө тийиштүү “чек арасын” бөлүп алды. Кыргыз публицистикасын өнүгүү этаптарын доорлорго бөлүп карап көрсөк. Кыргыз публицистикасынын “жаралуу таарыхы” совет өкмөтүнүн келиши менен тагыз байланыштуу. Публицистикасынын тарыхы тээ терeнде болгону менен алгачкы публицистикалык чыгармалар идеялык-тематикалык жактан советтик идеологияга сугарылган, өз мезгилиндеги көп улуттуу совет адабиятындагы публицистикалар болгондугу анык. Кыргыз публицистикасы эки таарыхый доорду башынан өткөрдү. Биринчиси совет өкмөтүндөгү теңдик, “жаңы заман” деп аталган мезгил, илим-билимге жол ачылып, түп-тамырынан өзгөргөн түшүнүктөр, социялдык идеага жаңы мамлекет, советтик бийликтин келиши. Бул мезги, албетте узаак убакытты кучагына алып, зор тарыхый окуялардын күбөсү[2, 132-133б.].

Муну менен кошо кыргыз публицистикасы адабияттын башка жанраларындай жаңыдан жаралып, калыптанып совет өкмөтүнүн идеологиясын, жаңы замандын жаңылыктарын жайылтуучу пропагандисттик милдет өтөп, жанрдык типологиялык жактан көп түрдүүлүгү артып, улуттук адабиятта жана массалык маалымат каражаттаында туруктуу ордун тапкан. Бирок, ушундай жетишкендиктерге карабастан, улуттук адабиятыбыздын жанрында да айрым бир идеялык-тематикалык чектелүүлөр болгондугу айкын. Ушундай себептерден улам публицистика жетиштүү деңгээлде өнүгө алган эмес. Совет өкмөтү бирдиктүү идеология түшүнүнгүн калк тамырына сиңирип, катардагы колхозчудан социалдык эмгектин баатырын чыгарууга шыктандырып, күндөлүк турмуштагы тынымсыз өзгөрүүнү публицистикалык жанрлар аркылуу ишке ашырып, эл эмгегин, эл турмушун чагылдырган документалдуу, далидүү көрсөтмөлөрү бар көркөм публицистикалык маанайдагы чыгармалар байма-бай жазылып, улуттук басма сөз бетинде өз өмүрүн баштаган. Элдин социялдык абалын, көйгөйлөрүн, көз караштарын, Совет өкмөтүнө жан дили менен берилгендикти жана ак кызмат кылууну дал ушул **жанрдык** чыгармалардан айкын көрө алабыз. Публицистика-бул, газета жана журналдык жанр болгондон кийин, пайда болушу, өнүгүшү, тигил же бул газетанын жана журналдын басма сөз майданында басып өткөн жолуна көз каранды[1, 5б.]. Кыргызстандын басма сөздөрүндө публицистика жанрынын пайда болушу, баарыдан мурда, республикада улут тилинде газета жана журналдардын чыгышы менен шартталат. Бул-бир жагы. Экинчиден, публицистика профессионалдык адабияттын жанры болгондуктан, анын пайда болушу жана өнүгүшү өнүгүү этаптары менен бир нукта жатат.

Революциядан кийин гана, тактап айтканда 1924-жылы тарыхта биринчи жолу “Эркин Тоо” газетасынын чыгышы менен улуттук кыргыз совет журналистикасынын биринчи этабы башталат. Ал кездеги журналистер журналистик даярдыгы жок, советти жана агартуу органдарында иштеген кыргыздын тунгуч интелегенттери болушкан. Алар ал кезде газеталык эң татаал публицистикалык жанрды жаратууга даярдыктары, теориялык түшүнүктөрү жок. Демек, улуттук биринчи газетанын чыгышы менен кыргыз журналистикасында кыйынчылыктар байкалып турду. Ал бир топ узагыраак мезгилдин ичинде пайда болуу этабын башынан өткөрдү[3].

Отузунчу жылдарда республикалык газета, журналдардын беттеринен публицистикалык жанрдагы материалдар аздап-аздап, бирок кеңири аянттарды ээлеп баштайт. Өзгөчө, “Кызыл Кыргызстан” газетасынын бул жылдардагы сандарында бүтүндөй беттин теңин ээлеген көлөмдүү материалдар көбүрөөк басылып турган. Публицистикалык жардагы матераиалдар республиалык басма сөздөрдө мурда болуп көрбөгөндөй кеңири өрчүй баштаган мезгили Ата Мекендик Улуу согуштан кийинки жылдарга таандык[3].

Бул жылдарда публицистикалык жанрдагы маалыматтар республикалык масштабдагы ири-ири газета-журналдардан тартып, областык прессаларга чейин, райондук газеталардан тартып колхоздук, совхоздук жана фабрикалык-заводдук көп тираждуу газеталарга чейин кеңири тарай баштаган. Мунун өзү, биринчиден, согуштан кийинки учурдун талабы

прессалардын алдына очерк жанрын үзгүлтүксүз жана кеңири пайдаланууну талап кылып отурса, экинчиден публицистикалык жанрга болгон окурмандардын кызыгуусу ашып тургандыгын айгнелейт.

Публицистикалык жанрдын пайда болуу этабы социализимди куруу идеяларын элге кеңири жар салган болсо, Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында фашистик баскынчыларга каршы күрөшүү идеяларын, советтик потриотизимди жана элдердин бекем достугу сыяктуу негизги маселелерди көтөрүп турду. Ал эми согуштан кийинки жылдарда бекем тынчтык жөнүндөгү, чыгармачылык эмгек жөнүндөгү, гүлдөгөн турмуш жөнүндөгү маселелерди ар тараптан чагылдырууда.

Азыркы доордун өзүнүн алдына койулган маанилүү талаптарды жүзөөгө ашырууга аракеттенүү менен публицистикалык жанрдагы маалыматтардын сапаты, деңгээли чыңалууда. Бирок, баары бир, публицистикалык жанрдын азыркы өнүгүшү али маскатка толук жооп бере албай жаткандыгы жашыруун эмес. Саны көп, сапаты начар публицистикалык жанрдагы маалыматтын көбөйүп кетиши, бул жанрдын өсүүсүнө тоскоолдук кылышы ыктымал. Экинчиси: эгемендүүлүктүн келиши, демократия түшүнүгү.

Бүгүнкү күндө жазылып жаткан публицистикалык жанрдагы маалыматтарды албайлы, басымдуу көпчүлүгү турмуштун актуалдуу жана өтө маанилүү көрүнүштөрүн кеңири чагылдырууну биринчи планга койуп олтурат. Мына ошентип, публицистика жанры пайда болгон мезгилинен тартып ушул күндөргө чейин адабият, жана басма сөз майданынын көрүнүктүү “чалгынчысы” катары баалуу да, маанилүүда иштерди бүтөрүп келе жатат. Башка жанрларга караганда публицистика өтө тез ылдамдык менен өсүп келүүдө деп айтсак болот. Азыркы мезгил кыргыз журналистикасында Кыргызстандын эгемен турмушун чагылдыруу менен гана чектелбестен, өз алдына ошол өлкөнүн тарыхый баскан жолундагы өксүктөрү менен «актай» калган жактарын да коомчулукка алып чыгуусуна өзүнүн милдети катары эсептелүүдө. Бул болсо учурда маалымат каражаттарына калк арасында болуп жаткан жаңылыктар менен катар кыргыз коомчулугу, мамлекеттик түзүлүшү, жарандык позициясы, социалдык-экономикалык багыттарда болуп жаткан оош-кыйыштар менен катар бир мезгилдерде коммунисттик идеологиядагы саясий бир тараптуулуктан, тапчыл кызыкчылыктан келип чыкты.

Саясатташкан диктатуранын кысымынан улам айтылбай келген же айтууга мүмкүн эмес болгон кыргыз элинин тарыхына, тилине, коомдук жашоо-тиричилигин аныктаган цивилизациясына, адабий-маданий турмушуна кайрадан кайрылып, такталбай келгендерине карата пикир айтуу, көз карашын билдирүү ар бир жарандын анын ичинде журналисттердин атуулдук парзы болсо, кыргыз публицистикасы анын башында турушу зарыл экендигин ачыкка чыгарды.

Мезгилдүү басма сөз каражттарынын мындай аракеттери унут болуп бара жаткан факты-материалдарды кайрадан көтөрүп чыгуу милдетин гана аркалабастан, жаңыдан түптөлүп келе жаткан мамлекеттин сувернитетин сактоо, анын кокусунан келбегендигин, ал үчүн канчалаган адамдар өмүрүн берип, эгемендүүлүктү эңсеген ойлор жана идеялар үчүн канчалаган коомдук жана саясий ишмерлер жок болуп кеткендигин, б. а. анын өзөгүндө не бир окуялар болгондугун түшүндүрүү максатында «агартуу иштерин» жүргүзүү да керектиги кыргыз журналистикасынын алдына коюлуп отурат. Анткени публицистика коомдук-саясий журналистиканын бир түрү катары коомдук социалдык чөйрөдө өз ордун сактай.

Өзүнүн документалдуулакка негизделиши, фактыга ориентир кылышы, айтылчу ойду жалпыга түшүнүктүү бериши жана фактыны анализдөөдө тарыхыйлуулук менен илимийлүүлүккө басым коюшу аркылуу коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура алат. Коомдук аң сезимдин башка түрлөрүнө караганда публицистиканын окурмандын алдында жоопкерчилиги жогору болгондуктан, анын коомчулук алдында маалымат берүүчүлүк жана агитациялоодо агартуучулук касиетинин баасы да бийик экендиги талашсыз.

Б.В.Стрельцовдун сөзү менен айтканда “Коомдук пикирди калыптандырууга дайым таасир берип туруу менен коомдук пикирди чагылдыруу” («отражая общественное мнение, оказывать постоянное влияние на формирование общественного мнения») деген милдетти толук аткарып келет [5, с 18]. Тактап айтканда, бир мезгилде теоретик Е.П.Прохоров

«Публицист и действительность» аттуу эмгегинде Саясат-идеялык негизине таянуу менен эмоционалдык багытына ылайык бааланган документтердин чагылдырылышында берилген коомдук-саясий актуалдуу процесстерге оперативдүү (ыкчам) таасир берүүнү белгилейт[4].

Жаш мамлекеттин өнүгүшүнө маанилүү роль ойной турган кыргыз элинин баскан тарыхый жолун, мекенчил түшүнүктөрүн, маданий жана адабий баалуулуктарга көңүл бурган.Кылымдан калыптанган элдүүлүк идеяларын, атам замандан түптөлгөн салт-санаасын, ооздон-оозго өткөрүп калыптандырган рухий эстетикалык мурастарын кайрадан көтөрүп чыгуу, ал тургай зарылдыгына жараша агитациялоо, аркылуу элдин өзүн өзүнө таанытуу милдети дал ушул эгемендүүлүктөн кийин актуалдуу маселелердин бирине айланды.

Ошол мезгилде жазылган публицистикаларда доордун саясий үнү сезилип турганы, турмуш чындыгын сүрөттөө, жашоо-тиричиликтин белгилүү бир кырдаалдарын, окуяларын баяндоодо окурмандарга маалымат берүүнү баамдоого болот. Кыргыз адабиятында жанабасма сөзүндө өз ордун таап, айрым чыгармалары менен кыргыз адабиятынын журналистиканын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, белгилүү жазуучу журналистердин бири
«кийинки жаштарды тарбиялоого максаттануу ар бир публицисттин жан дүйнөсүндө катылган, ар бир чыгармасын жазууда ички сезиминде терметкен идеялардын бири» болуш керектигин айтып кеткен.

Бул максат «ар күн сайын жарык көрүп жаткан мезгилдүү басма сөз каражаттарынын коомдук саясий миссиясы менен шайкеш келүү менен бирге ар бир жарыкка чыгууга даярдалган материалдын нарк-насилин» да аныктап тураары талашсыз. Тилекке каршы бардык учурда эле публицистикалык коомдук аң сезимдин мындай талаптары журналисттердин жазгандарында эле ишке аша бербейт. Айрым чыгармалар өз алдына коомчулукту «агартуу» багытында зор максаттарды коюп алганы менен окурмандын колуна тийген мезгилдүү басма сөздүн бир санында «жашап», ошол бойдон жок болот.

Автордун жазгандарынын баары кандайдыр коомдук-саясий көз карашты пропагандалоо, белгилүү бир көз караш боюнча үгүт иштерин жүргүзүү, коомчулук үчүн маанилүү болгон. Журналист айтпай коюуга «мүмкүн эмес» коомдук пикирди жайылтуу же ошол багыт боюнча коомдук ой пикирди түзүүгө карай «агартуу-үгүт иштерин» жүргүзүү максатын көздөйт дегенибиз менен алардын арасында айрымдары гана мезгил сынынан өтүп,автордук көз караштын индивидуалдуулугун сактап, кийинки муунга таасирдүүлүгүн жоготпой кала турган. “К. Жусуповдун публицистикаларынын ичинен А.Осмоновдун, Т.Сыдыкбековдун, А.Жакыпбековдун, М.Гапаровдун, Б.Жакиевдин, М.Убукеевдин, чыгармачылыгына арналгандары гана дал ушул агартуулук милдетти аткарат деп эсептөөгө болот деп бир изилдөөчү белгилеген[6, 15 б.].

Кыргыз публицистикасынын эки этаптуу жолун басып өткөнүн байкадык. Публицистика жанры адабият, басма сөз майданындагы орун-очогу кең, өту таптуу жанрлардын бири экендигин байкай алдык.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кудайбергенов С. Публицистикалык стил жөнүндө жалпы маалымат. Кыргыз адабийтилинин стилдик түрлөрү. / С. Кудайбергенов – Фрунзе. 1983.

2. Мамбетсариев Т. Кыргызстандын басма сөзү социализмди жана коммунизмди куруумезгилинде. / Т. Мамбетсариев – Фрунзе, Кыргызстан, 1984.

3. Усупов С.С. История журналистики: Учебное пособие. / С. С. Усупов — Б.: Изд-во БГУ,
2007. — 176 с.

4. Прохоров Е.П. Публицист и действительность. / Е.П. Прохоров – М., 1973. — 192с.

5. Стрельцов Б.В. Основы публицистики. Жанры: Учебное пособие. / Б.В. Стрельцов–Минск: Университетское, 1990. — 240 с.

6. Толкун НАЗАРКУЛ кызы. К. Жусуповдун публицистикаларынын агартуучулук мүнөзү. // Толкун НАЗАРКУЛ кызы. — Б., 2012. — 16 б.